| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ<br>ЫЛАЙ-ТАЛАА<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ЫЛАЙ-ТАЛИНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|

VII чакырылышындагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезексиз VI сессиясынын жыйынынын

# ТОКТОМУ

2025-жылдын 8 - августу, № 6/3 Ылай-Талаа айылы.

## Айыл чарбасына арналбаган жер салыгынын Кз зоналдык коэффициенттин маанисинин өлчөмүн бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Салык Кодексинин 388-беренесине ылайык аталган берененин 1-бөлүгүндө белгиленген жер салыгынын өлчөмдөрүн дифференциялоо боюнча айыл чарбасына арналбаган жер салыгынын Кз зоналдык коэффициенттин маанисинин өлчөмү тууралуу Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн кирешелер боюнча башкы адиси - юрист А.Абакировдун берген маалыматын угуп жана талкуулап Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кенеши **токтом кылат:**

1. Ылай-Талаа айыл аймагында жер салыгынын өлчөмдөрүн дифференциялоо боюнча айыл чарбасына арналбаган жер салыгынын Кз зоналдык коэффициенттин маанисинин өлчөмү **2,0** болуп бекитилсин жана **2026-жылдын 1-январынан** баштап колдонууга алынсын.

2. Айыл чарбасына арналбаган жер салыгынын Кз зоналдык коэффициенттин маанисинин өлчөмү бекитилгендигине байланыштуу Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2026-жылга караган бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүктөрүнө тиешелүү түзөтүүлөрдү киргизүү жагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн ФЭБ башчысы А.Жолдошовага милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кеңешинин социалдык-экономикалык өнүгүүнүн болжолдуу багыттарын аныктоо, жаштардын иштери, спорт, миграция, туризм, инвестиция жана бюджет боюнча туруктуу комиссиясына (төрагасы А.Кадыркулов) тапшырылсын.

**Төрага** **А.Мойдунов**